УДК 1 (091) Т 51

БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭКОЛОГИЯЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Токпаева Зарыл Турпандыковна, *КМТУнун доценти"Мамлекеттик тил жана Коомдук илимдер кафедрасы" Тоо – Кен иши жана Тоо –Кен технологиялар институту, Кыргыз Республикасы , Бишкек шаары, Чүй , 164,тел :+996(552)154579 E-mail:zaril@mail.ru.*

Аннотация: Бул макалада байыркы Кыргыз элинин экологиялык ой жүгүрттүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз болот. Автордун ою боюнча кыргыз элинин экологиялык ой жүгүртүүлөрү алардын жашоо тиричилигине, байланыштуу болгон. Кыргыз элинин дүйнө таануусу байыркы мезгилде жашоо көчмөн турмуштун кыйын шарттарында негизделген. Байыркы кыргыздар өздөрүнүн жашоосунда күн сайын көзүнө көрүнгөн, жаратылышта болуп турган кубулуштардын маңызын, анын өзгөчөлүтөрүн, адамга тийгизген таасирин аңдап, таанып билүүгө аракет кылышкан. Жаратылыш менен тыгыз алакада болгон байыркы эл өздөрүн жаратылыштан толук бөлүп карабастан, тескерисинче жаратылыш өзгөчө бир бийик күч катары түшунүп дили, тили, каада салттары адамдардын ортосундагы мамилелер жаратылыш менен тыгыз байланышта болгон.

Негизги сөздөр*:* байыркы эл, экологиялык ой жүгүртүү, жаратылыш, каада-салт, аңсезм, маданият.

ОСОБЕННОСТИ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ ДРЕВНИХ КЫРГЫЗОВ

Токпаева Зарыл Турпандыковна*, доцент КГТУ , кафедра "ГЯ и ОН" Институт Горного дела и горных технологий. Кыргызкой Республика город Бишкек.Чуй 164 тел: +996(552)154579 E-mail:zaril@mail.ru.*

Аннотация: В данной статье рассматривается экологическое мировосприятия древних кыргызов. По мнению автора, экологическое мировосприятие древних кыргызов было тесно связано с их укладом жизни. Таким образом, особенности мировосприятия древних кыргызов формировался на фоне сложных жизнеустройств кочевников. Древние кыргызы в своей каждодневной жини старались понят и анализировать влияние природных явлений на мировоззрение и быт людей. Они жили в тесном взаимозависимости от природы и при этом для них природные явления считались как бы своеобрзной божественной силой. Древние люди себя, свой уклад жизни представляли воедино с природой и природные явления влияли на формирование быта, культуры, уклада жини, язык, обычаи и традиции.

Ключевые слова: древний народ, экологическое мировосприятие, природа, обычаи и традиции, сознание, культура.

THE PECULIARITIES OF ENVIRONMENTAL THINKING OF ANCIENT KYRGYZS

Tokpaeva Zaril Turpandikovna *KSTU The state Department of Language and Social séancesten Institute of mining and mining Technology Kyrgyz Republics. Bishkek city chi 164 tell: 996552154579 E-mail: zaril@mail.ru*

Annotation: This article considers the ecological perception of ancient Kyrgyz. According to the author, the ecological worldview of the ancient Kyrgyz was closely related to their way of life. Thus, the perception of the ancient Kyrgyz was shaped by the complex life of nomads. The ancient Kyrgyz people in their everyday lives tried to understand and analyze the influence of natural phenomena on the worldview and way of life of people. They lived in close interdependence from nature and, at the same time, for them, the natural phenomena were considered as a kind of divine power. The ancient people of themselves, their way of life represented together with nature and natural phenomena influenced the formation of life, culture, way of life, language, customs and traditions.

Key words: ancient people, ecological world view, nature, customs and traditions, consciousness, culture.

Адамзат тарыхында ааламдашуу маселелеринин өнүгүшү менен дүйнөлүк коомчулук алдында экологиялык көйгөйлөр өтө курч мүнөзгө ээ болуп,адамзаттын алдында мындан ары кантип жашап кетүү көйгөйү турат. Адамзаттын жашоосу жана цивилизациясы нукура табиятсыз мүмкүн эмес. Анткени, адамзаттын жашоосунун түпкү шарттарын айлана чөйрө жана жаныбарлар түзүп турат. Тилекке каршы, адамдар өз жашоо чөйрөсүн бузганга, булгаганга көнүп алгандай. Азыркы убакта адамзаттын алдында ааламдык, экологиялык көйгөйлөрдүн келип чыгышын, жана ушул көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун издөө милдети турат. Азыркы мезгилдеги экологиялык кырдалдар, коомчулуктун курчап турган айлана чөйрөгө, жаратылышына мамилесин өзгөртүп, башкача көз карашта жаратылышка аяр мамиле кылууга аргасыз кылууда.

Кыргыз элинин экологиялык ой жүгүртүүлөрү алардын жашоо тиричилигине, байланыштуу болгон. Кыргыз элинин дүйнө таануусу байыркы мезгилде жашоо турмуштун кыйын шарттарында негизделген.Байыркы кыргыздар өздөрүнүн жашоосунда күн сайын көзүнө көрүнгөн, билген кубулуштарынын маңызын, анын жүрүшүн, адамга тийгизген таасирин билүүгө аракет кылышкан. Жашаган жери, баардык жагы жаратылыш менен курчалгандыктан, байыркы кыргыздардын дили, тили, каада салттары адамдардын ортосундагы мамилелер жаратылыш менен тыгыз байланышта болгон. Борбордук Азиянын чексиз талааларын мекендеген байыркы көчмөндөрдүн рухий маданиятынын тамыры бирдей болгон. Байыркы көчмөндөр жаратылыштын таш боор кырсыктарына күн сайын жолугушуп тургандыктан өздөрүн жаратылыштан айырмалаган эмес. Ошондуктан байыркы көчмөндөр жаратылышка жапайы жаныбарларга да, колундагы малга да аяр мамиле кылышкан.

Көчмөн калктардын, анын ичинде түрк урууларынын дүйнө таануусу, дүйнө ойлому аалам менен байланыштуу экенин кыргыздардын байыркы түрк жазууларында далили бар. “Жогорку жакта көк асман жаралганда төмөндө кара жер , алардын экөөнүн ортосунда адамзат балдары жаратылган” [1]. - деп Күл Тегинге арналган эстеликтин чоң жазуусунда ташка чегилген. Енисейден, Монголиядан,Тувадан, Кыргызстандан табылган, изилденген ташка чегилген жазууларды С.Е.Малов байыркы кыргыздарга таандык [2]. деп жазган. Байыркы кыргыздардын дүйнө таануусунда адам жаралгандан баштап чексиз,Көк Асман мейкиндигинен ажырагыс экендиги көрүнүп турат.

Көчмөн калктардын алардын ичинде кыргыздардын дүйнө кабыл алуусунда жер жүзү, Көк Асман, Аалам өзүнөн өзү жаралган деген негизги түшүнүк орун алган. Көк Асман

Теңир эч кимге, эч нерсеге окшош эмес. Өзүнөн өзү жашап жатат, жер үстүндөгү бардык нерсе-жансызы, жандуусу ага баш ийет деген ой-пикирлер үстөмдүк кылган Теңир баарын көрүп, таразалап турат.Жер үстүндөгү адамдар, жан-жаныбарлар Көк асман алдында бирдей абалда болушкан. Ошол себептүү жаратылыштын байлыктарына, көлдөргө, сууларга, тоолорго, талааларга жапайы жана үй жаныбарларына курулай зыян келтирүүдөн коркуп, убал болот деп ойлошкон.

Көчмөн кыргыз калкында кылымдар бою калыптанган дүйнө таануусунда тоолор, талаалар, жайлоолор Теңир белек кылып берген жашоонун өзөгү болуп көчмөндөрдүн жалпы үй катарында кызмат кылган. Кыргыздар өздөрүн улуу жаратылыштын бир бөлүгү катарында сезишкен. Жаратылыш кыргыз калкынын насаатчысы болгон. Жаратылыш менен ынак жашоо кыргыздарды сабырдуулукка, адамдардын ортосундагы мамилелердин ачык-айкын болушуна үйрөткөн. Күндөлүк жашоодо чоң таасир берип туура жолго салып келген. Байыркы кыргыздар ар бир нерсенин жаны бар ар бир тоонун,суунун ,токойдун,малдын ээси пири бар деп санашкан.

Адам жаны жаратылыш менен бирге экенин байыркы кыргыздар оозеки түрүндө кийинки муундарга туруктуу адеп-ахлак эрежелери катарында өткөрүп турушкан. Дүйнөнүн башка көчмөн элдериндей кыргыз эли көчмөндүүлүк турмуштун күн сайын, саат сайын алып келген кыйынчылыктарына каршы турушуп, аларды жеңе билүүгө аракет кылышкан. Табийгаттын ар түрдүү шарттарында пайда болгон алааматтарды өздөрүнүн жашоосуна байланыштырып, аларды түшүндүрүүгө аракет кылышкан.Ошол аракеттер бара бара оозеки түрдө сакталып жүрчү акыл-насаатарга, үрп адаттарга айлана баштаган.

Б.Аманалиев өзүнүн эмгегинде кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына кеңири токтолуп “Эр төштүк”, “Кожожаш” эпосторуна көңүл буруп, ал эпостордо кыргыздардын жаратылыштын билинбеген сыйкырдуу күчтөрүнө кызыгуусу чагылдырылганын көрсөтөт [3]

Байыркы убактагы дүйнөгө, жашоого,жаратылышка болгон көз караштар, көрүмдөр кыргыз элинин канына сиңип улуттук аң-сезим катары кылымдан-кылымга сакталып калган. Түрк элдеринин руханий тарыхында кеңири белгилүү философ Асан Кайгы кыргыз элинин көз караштарынын калыптануусунда чоң роль ойногон.

“Бул дүйнөдө не карып,
Айтылбаган сөз карып.
Каз өрдөгү болбосо,
Айдың чалкар көл карып.
Улук адам болбосо,
Убара болгон эл карып.” [4].

Жаратылышка жаныбарлар дүйнөсүндө ыксыз, ченемсиз зыян келтирсе,ал адамдар өздөрүнүн жазасын алат деген көз караш байыркы мезгилден бери кыргыздарда бар эле. "Убал болот" деген сөз адамдарды жаныбарлар дүйнөсүнө өтө аша чапкан зыян келтирүүдөн токтотуп турган.Эл көзгө оозунда атар мергенчи “Кожожаш” кенже эпосунун негизги каарманынын тагдыры мисал болуп турган.

Карапайым эмесмин,
Кайберендигим аныкмын.
Айткандарымды укпай жүрчү элең .
Эми Мерген кандайсын .... [5].

- деп Сур эчки каргагандан кийин Кожожаш аскадан учуп өлөт. Сур эчки жапайы жаныбарларды ыксыз өлтүргөндүгү үчүн жазалап,мергенчи аскада өлөт. Бул кенже эпосто тотемдик көз караштар кеңири орун алгандыгы көрүнүп турат.

Кыргызстандын чыгаан жаш илимпозу Ы.Мукесов тотемизм жөнүндө эң туура ойду айтат. “Тотемизим байыркы адамдардын дүйнө түшүнүүсүндө аныктаган айкын коомдук практикасы жана дал келе турган адеп-ахлага жана өтө жөнөкөй кургаган чөйрөнүн бир кыйла жөнөкөй чечмелеши болот. [6].Тотемизм адамдын жаратылыш менен биримдигин

түшүндүргөн курал болгон. Эбегейсиз кең мейкин талааларда жашаган көчмөндөр кылымдар бою жаратылыш менен жакшы мамиледе жашап келген. Көчмөндөр жаратылышты багындырууга эч качан аракет жасашкан эмес.Жаратылыштын аба-ыйрайынын катаал шарттарына баш ийип жашоосун уланта беришкен.

Байыркы кыргыздар жаратылыш менен аяр мамиледе жашаганынын дагы бир себеби бар эле. Илгертен бери адамдардын ой жүгүртүүсүндө – ар бир жандын, жансыздын ээси бар деп ишенишкен. Тоолордун, токойлордун, суулардын,көлдөрдүн ар биринин өзүнчө ээси болгон. Жаныбарлардын ар биринин пири болгон. Табигаттын ээлерине сырдуу күчтөрүнө адамдар дайыма курмандыкка мал чалып, этинин бир бөлүгүн, терисин,башын көрүнүктүү жерге илип коюшкан.

Кыргыздардын ошол мезгилдеги дүйнө таанымы кенен болгон. Жаратылышка эч зыян келтирбей, ар ким жашап,бул жашоодо жашоонун ыракатын көрүүгө умтулуп ошого ыраазы болушкан. Жаратылыштын кубулуштары жашоонун кыйын шарттарында кыргыз элинин ой жүгүртүсүнө, ойломуна чоң тассир тийгизип, дүйнө көрүмүнүн алгачкы тутумдарын түзгөн.Табиятка жана анын кубулуштарына сыйынуу менен кыргыздар өзүлөрүнүн денесин, ой- санааларын тазартуунун жолу жана айлана-чөйрө менен эришаркак, айкалышып жашоо деп билишкен. Кыргыздар ааламды, дүйнөнү, заттарды танууда алардын жаратылышын билүүгө чечемелөөгө аракет кылышкан.

Байыркы кыргыздардын дүйнө кабыл алуусунда эки өзгөчөлүк болгон:биринчиден жаратылыштагы кубулуштарды алар жакшы билишкен, экинчиден ал маалыматтарда кеңири түрдө мифттик ой жүгүртүүлөр ээлеген. Байыркы кыргыздар жаратылыштын мыйзамдарына жеткиликтүү илимий баа бере албаса да күн, ай, жылдыздарды ооздорунан түшүрүшкөн эмес. Кыргыздын эң көрүнүктүү акындарынын бири Барпы Алыкулов жаратылышта күндүн мааниси тууралуу;

Суукту айдан ысытып,
Сууган боюн ысытып,
Күйүп турган –чыккан күн.
Жаш чилдеде душман күн. [7].

А. Байбосунов жыйынтыктап туруп төмөнкүдөй айтат: восприятие человском того или иного природного явления в значительной мере зависит от состояния среды. [8].

Бардык түрк элдери, уруулары сыяктуу байыркы мезгилден бери кыргыздар өздөрүн жаратылыштын жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү менен жаны бирге деп ойлошкон. Ошол себептүү байыркы кыргыздар жаратылышына өтө аяр, кылдат мамиле кылып, алардын ээлерин сыйлап ага эч качан зыян кылган эмес. Эң негизги приңип. “убал болот” деп айтышчы.

XXI кылымдын башталышында гана жаратылыш дүйнөсүнүн адеп- ахлактыкка таянып ,мамиле кылууну көтөрүп чыга башташты. Адамзат жер үстү, асмандагы бардык организмдер (көрүнгөнү,көрүнбөгөнү) менен ыйык мамиледе жашоону “этносферанын – ноосферанын” [9].жогорку стадияны изилдеп жатышат .

Выводы: Азыркы мезгилде илимий- техникалык прогресстин учурунда адамдарды экологиялык ой жүгүртүүлөрүн калыптандыруу, билим тарбия берүү негизги ролду ойнойт. Экологиялык өзгөчө баалуулуктардын ошондой эле биосфера жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу. Ошону менен бирге эле, адам баласы өзүнүн жашоосунда жаратылыш шайкештикте жашап, жаратылыш менен адам органикалык биримдикте экенин далилдөө башкы,максат экенин түшүндүрүү.

Колдонулган адабияттар:

1.Памятники древнетюркской письменности. Тексты и переводы изд-во. Академии наук СССР . Москва, Ленинград 1956-г.

2.Малов С.Е.Енисейкая письменность тюрков . Тексты и переводы изд.Академии наук

ССР Моска , Ленинград 1952 4-бет.

3.Аманалиев Б. А. Из истории философской мысли кыргызского народа изд.Академии наук Кыргызской ССР Фрунзе 1963-ж. 25 бет.

4.Каратышканова К.Р. Асан Кайгы жана насаулик тарихаты арасындагыбашталыштык идеялар бастаундагы (башатындагы) көрүнүшү.Улутукидея Философиясы . Казак луттук университетинин 75 –жылдыгына жанефилософия гылымдарынын доктору, профессор Б.Г.Нуржановдун 60-жылдык мерейтайынаарналган халыкаралык гылымы-тажрібеликонференциясынын материалдары. 29-апрель 2009ж. Алматы, 2009ж. 114 бет

5.Кожожаш. 1 том. "Эл адабияты" сериясы. Бишкек. 1996ж. “Шам”164- бет.

6.Мукасов. Ы.М. Мифология как способ понимание мира. Сб: Жусуп Баласагын и современность. Материалы республиканской научно практической конференции. "Технология" 1998ж. 18-бет.

7.Барпы Чыгармалардын бир томдук жыйнагы Фрунзе 1870-ж. 66-бет.

8.Байбосунов А. До научные представления кыргызов о природе. Мектеп 1980-ж. 171-бет.

9.Чижов П.Т. Феномей духовного отношнний человека к природе. Издания Жусуп Баласагын и современность. “Технология” 1998-ж. 14-бет.